

*Ноорузмайрамыңыздар менен!*

Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№8 [17004] ЖУМА, 20/03/2026

## ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО ЖАЛПЫБЫЗДЫН МИЛДЕТИБИЗ



4-5-беттерде

**Майрамбек Нурматов:**

## “ИННОВАЦИЯЛЫК АГРОТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КЕҢИРИ ЖАЙЫЛТЫЛУУДА”




8-бетте

## МАЙРАМДЫК ФЕСТИВАЛЬ



2-бетте

## КЫЯЛЫН КЫТЫГЫЛАГАН КЕСИП ЭЭСИ



3-бетте

## ӨЗГӨН БОРБОРДУК БАЗАРЫ ЖЫЛДЫРЫЛАТ



3-бетте

# Жашыл аймактар көбөйтүлөт



**Ош облусунун башчысы Аманкан Кенжебаев Кара-Суу районундагы Баш -Булак айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан Инновациялык питомникте көчөт отургузуу иштерине катышты. Иш-чара Ош мамлекеттик университети тарабынан ички миграниттык долбоорлорду колдоо программасынын чектеринде уюштурулду.**

Облус башчысы алгач питомниктин түзүлүшү жана анын максаттары тууралуу адистердин маалыматын угуп, тоо экосистемасын сактоо жана жашыл аймактарды көбөйтүү багытындагы иштерге жогору баа берип, мындай демилгелерди ар дайым колдоого даяр экенин билдирди.

Андан соң, Аманкан Кенжебаев акциянын катышуучулары менен биргеликте жалпысынан 800 түп мөмөлүү дарактардын көчөттөрүн отургузууга катышты. Алардын ичинде 400 түп гилас, 200 түп жүзүм жана 200 түп аралаш бак -дарактар (алма, өрүк, шабдаалы, анар ж.б.) бар.

101 билдирет

# Кадимки газ баллонду колдонуу эрежелерин билесизби?

**Дал ушундай суроо берилгенде, албетте, «күнүмдүк жашоодо колдонуп жүрөбүз, анын кандай кыйынчылыгы бар, оңой эле» дешиңиз мүмкүн. Күчү азыраак газы түгөнгөн 500 граммдык баллон жарылганда анын учкунунан жабыркаган жарандарыбыз да жок эмес. Андыктан, мындай утурумдук тутандыруучу кичине баллондор бошосо, күйүп жаткан отко салбоого чакырабыз. Ал эми кадимки чоң баллондун жарылуу күчү, толкуну жолундагыларды талкалоо, жок кылуу, адамдарды майып кылуу кудуретине ээ.**

Өтө кооптуу өрт коопсуздугунун алдын алуу үчүн Кыргыз Өкмөтүнүн 2025-жылдын 13-майындагы №251 токтомуна көз жүгүртүп коюуну сунуштайбыз. Аталган токтомдо күнүмдүк жашоодо жана тез татым ашканаларында дегеле, кафелерде, тойканаларда жаратылыш газын жана газ баллондорду сактоо, колдонуу эрежелери так жазылган.

Сыйымдуулугу 10 литрден ашкан газ баллондорду баарыбыз эле үйгө киргизип аларыбызды эч ким танбаса керек. Бирок, эреже боюнча жогорудагы токтомдун 157-пунктунда мындай баллондор үйдүн сыртында, желдеп турган металл шкафта сакталары айтылат. Ал эми тоңуп калган газды ысык суу, буу, ысытылган кум менен жылытаары 139-пунктунда жазылган. Мына ушундай майда, бирок, маанилүү эрежелерди билип алуу ашыкча болбос.

Үй шартында, тез татым соода түйүндөрүндө, ашканаларда газ баллонду кылдаттык менен колдонуу зарыл. Ири өрт кырсыгын жарата турган эскилиги жеткен баллондорду колдонбоңуз. Ар бир беш жылда аны атайын адистердин кароосунан өткөрүп, колдонуу мөөнөтүн текшертип алыңыз.

Эгерде, сиз газ баллон түгөнгөндө толтуртуп турсаңыз, атайын газ менен иштеген адистер гана коопсуз толтуруп беришет. Үй ичинде газ баллон жылытуучу электр буюмдарынан, мештерден, электр чубалгыларынан алыс жайгаштыруунун эсиңизден чыгарбаңыз.

Баллондун кулап кетүүсүнө жол бербей, бекем жайгаштыралы. Аны бир орундан экинчи орунга жылдыруу, ташуу этияттыкты талап кылат. Өрт коопсуздук эрежелерин сактап, үй тиричилигинде газ баллонду абайлап колдонуңуз.

**К. Кыдырбаева,**
**КР ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгынын офицери, майор.**

# Эттин баасы көзөмөлдө

**КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары И.Ташбаев тиешелүү өкүлдөр менен биргеликте Араван районунун борбордук базарында эт саткан жайларга мониторинг жүргүздү.**



Мониторингдин жүрүшүндө бодо малдын эти 670 сомдон, ал эми койдун эти 680 сомдон сатылып жатканы аныкталды. Өкүлдүн биринчи орун басары эттин мамлекет тарабынан белгиленген бааларынын сакталышын текшерип, сатуучуларга бааларды негизсиз жогорулатпоону эскертти.

Мындан тышкары, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү жана көзөмөлдөөчү кызматтар эт сатуучуларга соода жайларында санитардык талаптарды сактоо, тазалыкты камсыз кылуу, таразада керектөөчүлүрдү алдабоо жана жарандардын кызыкчылыктарын эске алуу зарылдыгын белгилешти.

Белгилесек, облустун аймагында эттин баасына болгон көзөмөл мындан ары да улантылат.

**Даярдаган:**
**К.Кыдыралиева.**

# “Нооруз–2026” майрамдык фестивалы



«Нооруз–2026» аталышындагы майрамдык фестиваль жакында Ош мамлеттик университетинин математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунда өттү. Иш-чарага окутуучулар жана студенттер активдүү катышты. Институттун он бир кафедрасы улуттук кийимдерди кийип чыгышып, ар түрдүү маданий номерлерди тартуулашты.

Программанын алкагында Манас айтуу, саламдашуу, ыр-бий, көркөм окуу, макал-лакап айтуу, акыйнек жана «КВН» сыяктуу номерлер көрсөтүлдү. Майрамдык иш-чара улуттук баалуулуктарды даңазалоого, ошондой эле студенттер менен окутуучулардын ынтымагын бекемдөөгө багытталды.

**З.Нуралиева, ОшМУнун басма сөз катчысы.**

Прокурордук көзөмөл

# Коррупцияга каршы аракеттердин жыйынтыгы

2025-жылы Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан коррупцияга каршы аракеттенүү багытында жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча маалымдайбыз.

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2025-жылдын 12 айында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына ылайык, «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын тармактык буйруктарын, көрсөтмөлөрүн жана коллегиялардын чечимдеринде көрсөтүлгөн милдеттерди жетекчиликке алуу менен жигердүү иштер жүргүзүлгөн.

2025-жыл ичинде Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан коррупцияга каршы аракеттенүү багытында 20 текшерүүлөр жүргүзүлүп, 61 мыйзам бузуулар аныкталып, алардын ичинен 58и жоюлган. Аларды жоюу максатында жалпысынан 41 прокурордук акт киргизилген жана 2 материал Кылмыштардын бирдиктүү реестри автоматташтырылган маалыматтык системасына катталган.

Токтолуп кетсек, 10 сунуштама, 2 талап келтирилген, 30 укук бузуу өндүрүш иш козголгон, 30 кызмат адамы айып пулга кириптелген, прокурордук актыларды кароонун жыйынтыгында 17 жооптуу кызмат адамдары тартиптик жоопкерчиликке тартылышкан. Андан тышкары, мамлекетке келтирилген 3 484 944 сомдук зыян акчалай жана натуралай түрдө 36 228 000 сом өндүрүлгөн жана 2 материал Кылмыштардын бирдиктүү реестри автоматташтырылган маалыматтык системасына катталган.

Мындан тышкары, Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан ишкерлердин укуктарын коргоо жана транспорт тармагында коррупциялык элементтердин алдын алуу максатында 2025-жылы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жана ишкерлер менен бир катар иш-чаралар, тегерек столдор жана кеңешмелер уюштурулду. Транспорт тармагындагы кемчиликтер, анын ичинде өзгөчө бажылык, лицензиялоо жана техникалык жөндөмдүүлүк талаптары боюнча кыйынчылыктар, ишкерлерлерге карата текшерүүлөрдүн тартиби жана ишкерлердин башка көйгөйлөрү талкууланды. Аларга түшүндүрмөлөр, ал эми тийиштүү кызмат адамдарына көрсөтмөлөр берилген.

**А.Осмоналиев,**
**Кыргыз транспорттук прокурорунун милдетин аткаруучу.**

# Жер тилкелер кайтарылды

Кара-Суу районунун прокуратурасы тарабынан 2025-жылдын 12 айында жер мыйзамдарынын аткарылышы боюнча боюнча 57 текшерүү жүргүзүлүп, жыйынтыгы менен 189 мыйзам бузуу аныкталып, аларды четтетүү максатында 1 каршылык билдирүү, ченемдик укуктук актыны бузулууларды четтетүү жөнүндө 8 сунуштама, 28 талап кылуу, сот органдарына 27 доо арыздар келтирилип жана 8 кылмыш иш козголгон.

Жогоруда келтирилген прокурордук чара көрүү актылардын негизинде 10 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер тартиптик жоопкерчиликке тартылып, мамлекеттин эсебине натуралай түрдө 1 520 156 888 (1 633 746 450) сомдук жер тилкелер кайтарылган.

**К.Расулова**
**Кара-Суу районунун прокурорунун улук жардамчысы**

Район кабарлары

# ТАЗА СУУ ДОЛБООРУНУН МУКТАЖДЫГЫ ЧЕЧИЛЕТ



Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоо жана агынды сууларды чыгаруу системасын өнүктүрүү департаментинин Долбоорлорду ишке ашыруу тобу тарабынан Өзгөн районунда ичүүчү суу менен камсыздоо жана агынды сууларды чыгаруу боюнча долбоорлордун ишке ашырылышы талкууланды. Иш-чара «Сууну жана санитарияны жалпыга жеткиликтүү кылуу» долбоорунун алкагында өттү.

Жыйындын жүрүшүндө Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы– аким Каныбек Апбасов, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, ошондой эле шаар куруу жана архитектура башкармалыктары менен биргеликте долбоорлорду ишке ашыруудагы негизги маселелер каралды. Ошондой эле иштерди координациялоо, долбоорлорду өз убагында аткаруу боюнча сунуш-пикирлер айтылды.

Натыйжада, аталган долбоорлор ишке ашырылгандан кийин Өзгөн районунун Кара-Шоро, Ийри-Суу, Кызыл-Октябрь жана Баш-Дөбө айыл аймактары таза ичүүчү суу менен камсыз болору белгиленди.

# ӨЗГӨН БОРБОРДУК БАЗАРЫ ЖЫЛДЫРЫЛАТ

**Ош облусунун Өзгөн районунда жаңы базар курулат. Өзгөн районунун акими Каныбек Апбасовдун айтымында, жаңы базар куруу үчүн Төрт-Көл айыл аймагынан трансформация болгон 14 гектар жер бөлүнду.**



«Бул базар мамлекеттик-жеке өнөктөштүк аркылуу курулат. Бул багытта буга чейин сынак жарыяланган. Анын чектеринде айыл өкмөтү менен мүмкүнчүлүгү бар ишкерлердин ортосунда эки тараптуу келишим түзүлдү. Базар ишкерлердин өздөрүнүн каражатына салынат. Иштин жүрүшү мамлекеттик өнөктөштүк борбору тарабынан көзөмөлдөнөт. Түшкөн киреше келишимдин негизинде жеке ишкер менен айыл өкмөткө бөлүнүп турат. Ишкерлер базарга кетирген чыгымын актагандан кийин базар толугу менен айыл өкмөттүн карамагына өткөрүлүп берилет», - деди ал.

Ал белгилегендей, Өзгөн шаарындагы 4 гектарды ээлеп турган базар жаңы базарга толугу менен көчүрүлөт. Мында соода-сатык жүргүзгөн ишкерлер менен бул боюнча тиешелүү сүйлөшүүлөр жүргүзүлүүдө. Жаңы базарды бир жыл ичинде толугу менен куруп бүткөрүү белгиленип жатат. Ал эми эски базардын ордуна көп кабаттуу үйлөрдү куруу мерчемделген.

Ал эми Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн башчысы Алмазбек Жолдошовдун айтымында, жаңы базарды куруу боюнча "Альянс Инвест Груп" ЖЧКсы менен эки тараптуу келишимдер түзүлдү. Учурда 4000-5000 орунга ылайык бардык шарты менен курула турган жаңы базардын долбоору иштелип жатат. Жакынкы күндөрдө аталган айыл аймакта заманбап жаңы базардын курулуш иштери башталат. Базар курулуп бүтсө, Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн киреше булагы көбөйүп, дотациядан чыгат жана өзүн-өзү каржылаган айыл өкмөттөрдүн сабын толуктайт.

Эске салсак, Өзгөн шаарындагы учурдагы борбордук базарда миңге жакын соода түйүндөрү бар. Аларга 21 адам ээлик кылат. Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын маалыматына караганда, Өзгөн шаарындагы базардан шаардык бюджетке 0,09% гана каражат түшөт. Мисалы, 2025-жылы Өзгөн шаарынын бюджети 169 млн сомду түзсө, анын ичинен базардан түшкөн киреше 1,5 млн сом болгон.

**А.МАТИЕВА.**

Урмат

# БААЛУУ-БАРКТУУ КЕСИПТИН ЭЭСИ

**Жаштайынан аалам таануу пенде үчүн жаратылыштын койнундагы түрдүү сырларга таасирденүүсү аң сезиминде ойноо бала кезинде да табышмактуу сырларын чечүүгө жетелейт окшойт. Ошондон өспүрүм балакат курагындагы бал даамданган эңсөөлөрүн турмушта тагдырлаш кыла жанына батырууну эңсегени, зоройгондо ким болооруна жол таштайт тура. Ушул өңүттөн алганда азыркы учурдагы жан дүйнөсүндө тандап алган кесибинин баалуу-барктуу экендигине ынанган, ошол кесибине жетүү үчүн мектеп босогосунан тырышчаактык менен аракет кылган, дүйнө таанымынын мол болушуна тамга таанып, жаза билгенден бери таасирленген мыкты мугалимдик кесиптин ээси Жунусбаева Өмүркан Сабиралиевна.**

Ал 1997-жылы 27-ноябрда ошол учурдагы Баткен районунун Ак-Турпак айлында өрүк зарлуу, Баткен күрүчүнүн мекени болгон көрктүү, жаратылышы сырдуу аймакта жарык дүйнөгө келген. Жаштайынан ата-энесинин колунда тарбияланган. Мектеп босогосун аттаганга чейин үй-бүлөсүндө атасы менен апасынын эң жакшы көргөн сүйүктүү наристеси болгон тура. Ошондон мектеп босогосун аттаары менен тамга таанып, жаза билүүдө алдынкы окуучулардан болууга жетишет.

Күн салаалай жылдар тогошкон сайын Өмүркандын кыялдануусунда окуткан мугалимдериндей көптү билген, улуу тоолордогу көк кашка мөлтүр булак сууларындай тунук таза кесип ээси болуу окуучулук күндөрдөн эле кыял сезимине орноит. Ушундан улам "Ар бир кесип ардактуу" деген терең маңыздуу лакап иретиндеги сөздүн маанисине бек кармана мектепте жүргөн окуучулук күндөрүндө жүрөгүнө бекем сактаган мугалим болуу санаасына жетүү үчүн талыкпай аракеттенген.

Жунусбаева Өмүркан туулуп өскөн Ак-Турпак айлындагы мектепти бирге окуган курбалдаштарынан айырмалана, мыкты тарбиялык жүрүш турушта, билим алууну терең өздөштүргөн, мектепте уюштурулган коомдук иштерге активдүү катышкан окуучулардан болуп аяктаган. Орто билимге ээ болгон соң кыялында өз эжеке агайларындай кесип ээси болуу максатында 2013-жылы Ош шаарындагы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун баштапгыч класс мугалими адистигин окуткан колледжине сүйгөн кесибинин мыкты ээси болуу үчүн билим алуусун андан ары уланткан.




Мектепти аяктагандан кийин билим алууну шыр уланткан Өмүркан студенттик мезгилдеги билим алуусунда да алдыңкылардан болот. Окуунун жүрүшүндөгү коюлган план-программаларды да үлгүлүү жүрүш турушу менен үзгүлтүксүз аткарууга жетишет. Мугалимдик кесиптин татаал сырларын терең өздөштүрүү максатында кесибине багытталган түрдүү адабияттарды көп окуу менен билиминин теориялык жактан мол болушуна аракеттенет. Окуунун алдыңкысы катары ошол учурдагы күндөлүк жашоодогу оош-кыйыштарга туруктуулук менен бекемдигин көрсөтө 2016-жылы окууну "артыкчылык" диплому менен аяктайт. "Билим алуу, ийне менен кудук казгандай" деген осуяттуу сөздүн маанисине өзгөчө басым жасаган Жунусбаева Өмүркан эжеке алган кесибин андан ары улантуу максатында сүйүктүү кесиптин ээлерин тарбиялаган педагогикалык жогорку окуу жайдан "Бакалавр" даражасында билим алуу максатында окуусун үзгүлтүксүз улантат. Ал бул учурда теориялык билимин практика жүзүндө айкалыштыруу менен кесиптик мүмкүнчүлүгүн бышыктоо аракетинде 2021-жылы "Бакалавр" даражасындагы билим алуусун ийгиликтүү бүтүрөт. Кийин 2022-жылы ОшМУга тапшырып, магистратураны 2024-жылы аяктайт.

Тандап алган кесибинин таасиринде ээ болгон теориялык билимин жаш өспүрүмдөргө арноо максатында мугалимдик устаттыктын үлгүсүнө жетүү аракетинде азыркы мезгилде "Учар" жалпы билим берүү орто мектебинде баштапгыч класс мугалими болуп үзүрлүү эмгектенип келүүдө.

Анын такай мектепте эмгектенгенине деле он жылдын жүзү болуп калды. Азыр тажрыйбалуу эжеке катары окуткан окуучуларына терең билим берүү менен баштапгыч класстардагы окуучулардын базалык билимин өркүндөтүүдө практикалык тажрыйба сабактардын көп өтүлүшүнө маани берет. Ал муну менен окуучулардын дүйнө таанымын алгачкы класстардан эле көтөрүүгө болгон далалаты десек ашыкчылык эмес. Анын 3-класстар арасында "Акыл ордо" таймаш сабагы мунун далилдүү мисалы боло алат.

Маселен аталган сабактын жүрүшүндө мугалим окуучуларды эки бөлүккө бөлүп окуучулардын билим деңгээлин жалпы суроо жооптор, категориялар жана логикалык анализдүү суроолор менен жоопторду алуу аркылуу сабактын окуучуларга кызыктуу болуусу камтылат.

Мындай практикалык сабактар өз кесибинин устаты, азыркы заман талабына ылайык кесиптик билим алуунун тепкичтүү стандарттарына ылайыкташкан билимдин ээси болгон Жунусбаева Өмүркан эжекенин мугалимдик ишиндеги изденүүчүлүгүнүн бай экендигинен кабар берет.

**М. Осмонов.**

Толкунбек Асыкулов:

# ЭЛГЕ ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ИШИН КҮЧӨТӨБҮЗ!




**NABU Кыргызстан уюму өлкөнүн жаратылышын, андагы жапайы жан-жаныбарларын коргоо иши менен алектенгенине быйыл 15 жылдан ашты. Кыргызстандын экологиялык саясатын колдоо аркылуу, Жаратылыш ресурстары жана экология министрлигинин аймактык башкармалыктары менен биргеликте, мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөшүү, элге экологиялык билим берүү ишин тынымсыз жүргүзүп келет. Уюмдун Кыргызстандагы мүдүрү Толкунбек Асыкулов менен өлкөнүн жаратылышын, айрыкча илбирсти коргоо жаатында аткарып жаткан иштери жана алдыдагы пландарын сурап, микрофон сундук.**

**-Толкунбек мырза, саламатсызбы? Жаратылышты коргоо ишиңиздерди кандай ийгиликтер коштоп атат?**

-Саламатчылык. Жаратылышты коргоодо биз өкмөттүк органдар менен чогуу иштеп, мамлекеттин экологиялык саясатын чогуу жүргүзүүгө жардамдашып келебиз. Негизи NABU уюмунун Кыргызстандагы филиалы ачылган 2010-жылдан бери Кыргыз Өкмөтү менен биргеликте иштейбиз.

Биринчи ийгиликтерден болуп – илбирсти сактоо боюнча дүйнөлүк форумду өткөрүп алдык. Буга жеке эле илбирс тараган 12 мамлекеттен эмес, башка мамлекеттерден дагы келип катышып кетишкен. Биз менен иштешкен эксперттер, жаратылышты коргойм деген түрдүү эл аралык коомчулуктун өкүлдөрү дагы ошол форумдун тегерегинде көптөгөн маалыматтарды алып, андан кийин дагы өз ара байланыштарын түзүп, кызматташып жүрүшөт. Бул ишибиз ошол учурдагы өлкө башчыларына кызыктуу болуп, биздин көтөргөн идеялар, сунуштар жагып турду. Ошол 2013-жылы чоң форум өткөргөндө мамлекет башчысы өзү катышып, экологиялык саясатка да кийлигишкен учурлар болгон. Башка өлкөлөрдөн министрлердин деңгээлинде коноктор келип катышып кетишкен.

Ушул форумдан кийин “Бишкек декларациясы” кабыл алынып, илбирс тараган 12 мамлекеттин Глобалдык катчылыгы түзүлгөн, ал ушул учурга чейин иштеп жатат. Саясий жагынан караганда да бул форумдун иши ийгиликтүү уланды. Мисалы, өкмөт браконьерчиликке каршы түрдүү токтомдорду кабыл алды, мыйзамдар кайра иштелип чыкты, анын ичинде айыппулдардын көтөрүлүшү – мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөштүн бир бөлүгү болуп калды.

Андан сырткары, 2020-жылдан кийин да ушул иштер уланып, ушул жылдары илбирсти санoo боюнча иштер башталды. Беш жылга жакын убакыттын ичинде Кыргызстандагы илбирстерди санап алдык десек болот. Ошонун ичинде өлкөнүн көпчүлүк аймактарын NABU Кыргызстан уюму өзүнө алды. Ошондой эле министрлик, башка өнөктөштөр менен бирге жүргүзгөн аракетибиздин аркасында, өлкөдө 500дүн ары жагындагы илбирс бар деген расмий сан чыкты. Бирок баягы күнү министрдин орун басары алардын саны 550 деп айтты. Негизи илбирс так айттырбайт да, ошого расмий түрдө 500дөн өйдө деп турат.

> "Ошондой эле министрлик, башка өнөктөштөр менен бирге жүргүзгөн аракетибиздин аркасында, өлкөдө 500дүн ары жагындагы илбирс бар деген расмий сан чыкты.



Анан илбирсти коргоо багытындагы ишибиздин уландысы болуп, алар боюнча мониторинг жүргүзүү жумушун айтсак болот. Бул иш өтө маанилүү болуп саналат, анткени фотокапкандар илбирстерди саноого аябай чоң жардам берди. Бул боюнча Германиядагы биздин башкы кеңсебизден бир нече фотокапкандар жардам катары берилип, ошолорду колдонуп, азыркы учурда ушуга чейин санап атабыз. Илбирстен сырткары, башка да жаныбарлар боюнча да иштейбиз.

Дагы бир ийгилигибиз болуп, 2020-жылдан кийин жаратылышта жарат алган жапайы жаныбарларды калыбына келтирүүчү реабилитациялык борборубуз жаңыланды десек болот. Себеби мурунку реабилитациялык борборубуздагы жаныбарларды кармаган күпкөлөр (вольер) кичине тарыраак болуп, илбирстер дагы ыңгайсыз акыбалда турушкан эле. Анан азыр бул жерди кеңейтип, чоң-чоң күпкөлөрдү салдык, ички, сырткы күпкөлөрдү жасаттык. Анан башка жаныбарлар үчүн да курдук, куштар үчүн өзүнчө күпкө курулду. Куштарды учураар алдында машыктырып, анан жаратылышка кое беребиз да, ага өзүнчө күпкө курдук дегендей. Мындан сырткары, ал жердеги ветеринардык пунктубуз ишке кирди. Экологиялык билим берүүгө арналган конференц залдар курулуп, кыскасы, 2020-жылдан 2023-жылга чейин чоң бир комплексти куруп алдык десем болот. Ошентип азыркы учурда бул реабилитациялык борбор ийгиликтүү иштеп атат.

**-Экологиялык билим берүү тууралуу сөзүңүзгө улай, мындай суроо берейин, элге экологиялык билим берүү канчалык маанилүү?**

-Экологиялык билим берүү – бул, мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөшүүдөн дагы өтө маанилүү десек болот. Себеби дегенде, азыркы учурда жаш муунду экологиялык тарбияга буруу учурдун негизги талабы болуп саналат. Жалпы эле аң сезимди өзгөртүү өтө татаал процесс да, анын ичинен экологиялык аң-сезимди көтөрүү же болбосо, өзгөртүү, ошого ылайыкташтыруу – бул, өтө татаал кубулуш экен. Ошондуктан, 2023-жылы Билим жана илим министрлиги менен атайын меморандумга кол койгон элек, анда 2024-жылды “Экологиялык билим берүү жылы” деп өз ара келишим болгон. Ошондон баштап, экологиялык билим берүү иштери активдештирилди десек болот. Анын ичинде биз моделдик мектептерге, моделдик бала бакчаларга өзүбүздүн колубуздан келген экологиялык бурчтарды ачып бердик. Мисалы: Кемин районунун ошол учурдагы Жаңы-Алыш айыл өкмөтүндөгү бир бала бакчага экологиялык бурч ачып бердик. Андан сырткары, Кара-Кужур өрөөнүндөгү бала бакчага да ушундай экобурч ачтык. Анан ушул айылдын мектебине дагы география, биология кабинеттерин жасалгалоо үчүн экологиялык багытта көңүл буруп бердик.

Эми булар практикалык иштер болду да, мындан сырткары, экологиялык билим берүүнү бала бакчадан баштап окутуп, ушул багытта аракет кылыш керек деген идея менен иштеп атабыз. Бала бакчадан баштап, мектепке, ЖОЖдорго, жергиликтүү калкка экологиялык түшүндүрүү иштерин алып барып, бул багытта пропаганда жумуштарын жүргүзүү негизги багыттардан болуп саналып калды. Бул жаатта NABU Кыргызстан уюмунун Экологиялык билим берүү жана коомчулук менен байланыш бөлүмүбүздүн кызматкерлери тынымсыз иштеп атышат.

Нарын облусундагы бийик тоолуу Кара-Кужур өрөөнүндө да биздин экологиялык билим берүү бөлүмүбүз бар. Анын максаты – бийик тоолуу аймактардагы жайыт маселеси, жалпы эле жаныбарларды коргоо маселеси боюнча эл арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүү, экологиялык билим берүү, экологиялык аң-сезимди көтөрүү максатында ачылган. Өзгөчө жайында активдүү иштерди алып барабыз, анан кышында да атайын иштер алып барылат.



**-Акыркы суроо болсун, алдыда кандай жумуштарды аткарууну пландап жатасыздар?**

-Браконьерчилик кылуу дайыма болуп турган иш экен. Аны тыя албайт экенбиз. Ошол үчүн алдыда мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөшүү иштери жүрө бермекчи. Бул ишти мындан ары дагы күчөтөбүз. Өзүбүздүн стратегиялык пландарыбыз аныкталган, ошонун негизинде тагыраак иштерди алып барабыз деген пландарыбыз бар. Буйруса, биздин түштүк, түндүк бөлүмдөрүбүздөгү мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөш менен алектенген “Барс”, “Барс-2” деген топторбуздун иштерин да өтө активдештиребиз.

Анан жогорудагы экологиялык билим берүү боюнча айтып кеткендей, бул жааттагы ишибиз Билим берүү министрлиги менен түзүлгөн меморандумдун алкагында эле болуп же 2024-жылдагы “Экологиялык билим берүү жылы” деп эле токтоп калбайбыз. Тескерисинче экологиялык билим берүүнү мындан ары дагы күчөтөбүз деп турабыз.

Мындан сырткары, мониторинг иши үчүн башка аймактарда да күчөтүшүбүз керек болуп атат. Анткени башка уюмдар барбаган да жерлер бар, ошол жерлерге биздин кызматкерлер барыш керек деп ойлоп атам. Негизги максат – ал жактардан жаңы материалдарды таап, жаңы маалыматтарды чогултуп келүүгө максат коюшубуз керек. Буйруса, быйылкы жылды да интенсивдүү өткөрөбүз.

Ошол анан, биздин ар бир бөлүмдөрүбүздүн жыл ичинде аткара турган атайын пландары бар, алар ай сайын такталып турат. Негизи ар бир айда жаңы идеялар болуп турушу керек, ошону аткарышыбыз керек.

Жалпысынан айтканда, экологиялык билим берүү ишин күчөтсөкпү деп атабыз, анан реабилитациялык борбордун ишин, стратегиясын карап, мындан ары кандай иштерди алып кетет деген пландарды карайбыз. Ал жер аркылуу мамлекеттик деңгээлдеги иштерди аткарсакпы деп турабыз.

Реабилитациялык борбор жайгашкан Суулуу-Терек деген кокту бар, Кемин районунда. Аны расмий түрдө микро корукка айлантсакпы деген максат болуп атат. Бирок, бул бир жылда бүтчү иш эмес. Аны мамлекет менен, Илимдер Академиясы менен чогуу алып чыгып, бардык маалыматтар топтолгондон кийин чечим чыгат да. Мунун бюрократиялык жактары көп экен, бирок, илимий изилдөө да жүргүзүш керек. Ошого жергиликтүү эл менен өкмөт колдосо, ал жерди корук кылсакпы деген ой бар. Бул эми келечектеги план.

**-Рахмат маегиңизге.**

**Маектешкен: А.Каракозуев.**

# ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО - ЖАЛПЫБЫЗДЫН МИЛДЕТИБИЗ

**NABU Кыргызстан уюмунун түштүк бөлүмү Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарындагы жапайы жан жаныбарларды, анын ичинен илбирсти коргоо максатында 2023-жылдын 27-апрелининен бери иштеп келет. Бөлүм негизинен элге экологиялык билим берүү жана мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөшүү менен алектенет. Башкача айтканда, бала бакчадагы тарбиялануучудан тартып, мектеп окуучуларына, ЖОЖдун студенттерине жана жергиликтүү тургундарга чейин жаратылышка аяр мамиле кылууга үндөп, экологиялык билимдерди атайын окуу тренингдер аркылуу жеткирет. Ал эми уюмдун башкы жумушу болгон илбирсти сактоо жана алардын азыктануу чөйрөсүн коргоо максатында, мамлекеттик экологиялык мекемелер менен биргеликте жергиликтүү тургундардын арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. Алдыда NABU Кыргызстан уюмунун түштүк бөлүмү 2025-жылы аткарган иштери тууралуу айтып беребиз.**

## “Барс-2” тобу




Түштүк бөлүмдүн мыйзамсыз аңчылык менен күрөшүү максатында түзүлгөн “Барс-2” тобу жылдык иш пландын негизинде мамлекеттик экологиялык уюмдар менен биргеликте пландуу жана пландан сырткары рейддерди уюштурду. Ошондой эле жаратылышты сактоого чакырып, жергиликтүү тургундарга түшүндүрүү иштерин жүргүзөт жана экосистеманы коргоого кайдыгер карабаган тургундар менен тыгыз байланышта иш алып барат. Мындан сырткары, өлкөнүн түштүк аймагындагы тоолорго фототузактарды орнотуу менен алектенет.

> Түштүк бөлүм жүргүзгөн рейддердин натыйжасында 115 адамга 1 674 500 сомдук айыппул салынды.

2025-жылы “Барс-2” тобунун кызматкерлери Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарында 46 жолу пландуу жана пландан сырткары рейд өткөрүштү. Анын жыйынтыгында, мыйзамсыз аңчылык менен алектенген жарандардын жапайы жан жаныбарларга зыян тийгизген бир канча фактыларын аныктап, алар боюнча маалыматтарды укук коргоо органдарына өткөрүп беришти.

Былтыры түштүк облустарда өткөн иш-чаралардын натыйжасында, аң уулоо жана балык уулоо эрежелерин бузган учурлар көп катталганы байкалды. Айрым учурларда мыйзамсыз тузак коюу, синтетикалык торлорду колдонуу фактылары аныкталды. Ал арада тоо эчкисин мыйзамсыз аткан факт да катталды. Эсиңиздерде болсо керек, тоо эчкисин аткан жаранга 300 миң сом доо коюлуп, 12500 сом айыппул салынат.

Рейддер учурунда мыйзамсыз аңчылык фактылары катталбаган учурлар да кездешет. Анда жергиликтүү жарандар, жарандык активисттер менен жолугушууларды өткөрүп, жаратылышка, анда байырлаган жапайы жан-жаныбарларга аяр мамиле кылуу боюнча түшүндүрүү иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет. Ошондой эле аларга уюм тарабынан даярдалган таркатма материалдар да берилет.



Мындан сырткары, эл арасында жаратылышты, жан-жаныбарларды биргеликте коргоо максатында жүргүзүлгөн түшүндүрүү иштеринин натыйжасында, уюм менен кызматташкан жарандар күн өткөн сайын көбөйө баштады. Тактап айтканда, мамлекеттик органдын кызматкерлери сыяктуу эле, жергиликтүү жарандар да кайтарым байланышка тынымсыз чыккан учурлар көбөйдү. Бул нерсе – уюм аткарып жаткан иштин жыйынтыгы десек болот.




## Ийгиликтүү иштер

Өткөн жылы аткарган ийгиликтүү иштердин айрымдарына токтоло кетсек, башкача айтканда, 2025-жылдын 14-майында Ош облусундагы Кара-Кулжа районунун Алайкуу өрөөнүндө эки кийик атылганы аныкталган. Тактап айтканда, бул райондогу Көк-Арт айылынын Кашка-Суу жайлоосунда белгисиз жарандар эки кийикти атышкан. Жыйынтыгында, жеринде акт түзүлүп, кийиктин эти далил буюм катары Кара-Кулжа РИИБга андан ары териштирүү максатында өткөрүлүп берилген. Уюмдун “Барс-2” тобунун кызматкерлери жана тиешелүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен биргеликте аныкталган бул факт боюнча жергиликтүү тургундар маалымат беришкен.

Бул жылы өрдөк, коен, кекилик аткандарга, балык уулагандарга, балыкка тор салгандарга, аңчылык куралдарды мыйзамсыз көтөргөндөргө мурунку жылга салыштырмалуу көп суммадагы айыппул салынды. Тактап айтканда, түштүк бөлүм жүргүзгөн рейддердин натыйжасында 115 адамга 1 674 500 сомдук айыппул салынды.

Мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөш жүргүзүү иш-чарасынын алкагында, же тактап айтканда, уюмдун түштүк бөлүмү тарабынан өткөрүлгөн иш-чараларга тартылган адамдардын жалпы саны 878ге жетти.

Уюмдун Түштүк бөлүмүнө жалпысынан 40 даана фотокапкан келген. Өткөн жылы анын баары тиешелүү аймактарга коюлган. Башкача айтканда, Тогуз-Торо районундагы “Саймалуу-Таш” МЖПга – 7 даана, Чаткал районундагы “Сары-Челек” Биосфералык коругуна – 5, Кара-Суу районундагы “Кожокелең” тоолоруна – 8, ал эми Жалал-Абад облусундагы Токтогул районунун Чычкан капчыгайына жана Чүй облусунун Төө-Ашууга жакын жайгашкан кырка тоолоруна 20 фототузак орнотулган. Ал эми коюлган фототузактарды кайра чечип келүү иши ушул ушул жылдын жаз айларына пландалууда.

Албетте жогорудагы айтылган фактылар – аталган уюмдун түштүк бөлүмүнүн, мамлекеттик экологиялык мекемелердин кызматкерлери жана эл менен тыгыз кызматташтыкта иштешип жатканынын айныгыс далили десе болот.

## Быйылкы жумуштар

Быйыл акыркы үч айда уюмдун түштүк бөлүмүнүн кызматкерлери мамлекеттик тиешелүү органдын өкүлдөрү менен биргеликте Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарында атайын рейддерди, экологиялык окутууларды өткөрүштү.

Тактап айтканда, жыл башында жаңы жылдык эс алуу күндөрүнө байланыштуу аңчылыкка чыккандардын саны көбөйдү. Ушундан улам, рейддик иш-чараларды күчөтүүгө туура келди. Анын алкагында, Ош облусунун дээрлик бардык райондорунда мыйзамсыз аңчылык кылгандар колго түшүп, алар аткан жаныбарлар жана канаттуулар үчүн айыппулдар салынды.




Февраль айында да Ош облусунун бир катар райондорунда атайын рейддер уюштурулду. Ал эми Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарындагы мектепке жана Ош облусунун Кара-Суу районундагы Отуз-Адыр айылынын бала бакчасынын тарбиялануучуларына экологиялык сабак өткөрүлдү.

Март айында Баткен облусундагы мамлекеттик экологиялык уюмдардын өкүлдөрү менен таанышуу, мындан ары тыгыз байланышта кызматташуу максатында Лейлек районунда болуп кайтышты.

Ошентип акыркы үч айда бөлүмдүн кызматкерлери тарабынан уюштурулган иш-чараларга 300дөн ашык адам тартылып, мамлекеттик органдын өкүлдөрү менен биргеликте 36 адамга жалпысынан 267 500 сомдук айыппул салынды.

## Маанилүү!



Ош облусу боюнча 2024-жылы жаратылышка зыян келтирген 48 жолу мыйзам бузуу катталып, браконьерлерден 800 миң сомго жакын айыппул өндүрүлсө, 2025-жылы 178 протокол жазылып, андан 2 млн. сомдон ашык айыппул мамлекеттин казынасына төгүлгөн. Бул деген укук бузуулардын үч эсеге өскөнүн көрсөткөн.

Ал эми 2026-жылдын эки айында эле 78 укук бузуу боюнча протокол жазылды. Бул маалыматтар КР ЖРЭжТК министрлигинин Ош регионалдык башкармалыгынын өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жана биотүрдүүлүк бөлүмүнүн расмий билдирүүсү болуп эсептелет.

Ушуга байланыштуу март айынын башында мыйзамсыз аңчылыкты алдын алуу, укук бузууларды болтурбоо максатында, түштүк бөлүмдүн кызматкерлери, мамлекеттик экологиялык уюмдардын адистери менен биргеликте Ош облусунун Кара-Суу районундагы Папан айыл өкмөтүнүн тургундарына аңчылык эрежелерин так сактоо боюнча атайын окутуу уюштурду.

Анын алкагында адистер КР МинКабдын 2025-жылдын 4-февралында күчүнө кирген аракеттеги “Кыргызстандын аймагында аңчылык кылуу эрежелери боюнча” № 55 токтомунун шарттарын айтышып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.

Эми алдыда элге экологиялык аң сезимди жогорулатуу, мыйзамсыз аңчылыкты болтурбоо жана аң уулоо эрежелерин сактоо максатында ушундай окутуу иштерин жер-жерлерде дайыма уюштуруп туруу пландалды. Андан сырткары, браконьерчиликке каршы күрөшүү ишин үзгүлтүксүз өткөрө бермекчи.

**А. Каракозуев.**

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

**(башталышы муруку сандарда)**

Илгери андай эмес эле, филармония,-театрларда чыгармачылык топтор түзүлүп, алар колхоз, совхоздорго, алыскы жайыттагы малчыларга, ар түрдүү коллективдерге пьесаларды коюп барышып, пьеса бүткөн соң концерт башталар эле. Жалпысынан аларды артисттер деп коер элек. Алар ай-айлап, күн-түндөп гастролдордо жүрүшүп, өмүрлөрүнүн көбүн талаада өткөрүшөр эле. Ар бир театрга план коюлуп, аны аткаруу үчүн чыгармачыл топтор түзүлүп, бардыгы пландын аткарылышы үчүн жан үрөп иштеген. Мына ошондой топтордун ичинен алтымышынчы жылдардын орто ченинен жетимишинчи жылдардын аягына чейин Р.Абдыкадыров кошулган топ өтө бааланган. Анын келерин билген ыр ышкыбоздору, анын артынан көптөгөн айылдарга чейин эрчип барып угушчу. Айрыкча, анын сүйүү, махабат темасындагы ырлары өтө популярдуу болгон. Тагдыры оор кезеңдерге кабылып, кандай кырдаалга туш болбосун, улуу сезимди даңазалаган ырларын чыгара берген, анын бул ырлары адамдын аялуу сезимдерин кытыгылап, ой-санааңды тээ обого жетелеп, не деген таттуу кыялдарга чөмүлтөт эмеспи. Сүйүүнүн ыйыктыгын даңктап, "Ой, бото көз", "Өзүңдү күтүп жүрөмүн", "Издейм сени"деп, өмүр бою кыялындагы сулууга "Сагынуусун" айтып, "Махабатты утурлап", "Сенин назик мээримиң", "Сүйүүдөн ыйык эмне бар", Биз экөөбүз", "Түшүмө кирдиң түндө сен", качандыр бир кезде "Жолугаарын билгенмин", "Таанышындай карагын" деп, акырында "Махабат балладасын" жазып, "балким ушул чоң бакыттын өзүдүр, өмүр бою бир көрүнбөй койгонуң" деп арман кыла кете берди.

Тагдыр буйруп, айыл жеринде он беш жылдай мектепте мугалим болуп иштеп калдым. Мына ошондо Ажике жайлоосунда болуп өткөн Р.Абдыкадыровдун ырларын аткарууга арналган 2004-жылдагы кароо-сынакты көрүп калдым. Бул иш-чараны өткөрүүгө бүткүл райондун айыл өкмөттөрү катышып, ар бир айыл өкмөт бирден боз үй тигип, бирок негизги күч "кийиз кимдики болсо, билек ошонуку" дегендей, биздин Сары-Булак айыл өкмөтүнө таандык болуп, уюштуруучулук иштери, каржылык маселелери алар тарабынан чечилген. 2004-жылдын июнь айы. Айлана жашыл кымкап жамынып, жаратылыш өз көркүнө чыгып турган убак. Ажике жайлоосу. "Тамаша – Дөбө". "Тамаша-Дөбөнүн" айланасында 10 чакты боз үй тигилген. Ага бүтүндөй Республикага белгилүү Ж.Алибаев, Т.Казаков, И.Аманбаев, А.Ахмедов баштаган ырчылар, өздүк көркөм чыгармачылык жамааттары, музыкага шыгы бар таланттуу жаштар, ыр ышкыбоздору катышып, көңүл кушун көтөргөн керемет ырларды угуп, өтө чоң деңгээлдеги ыр майрамына күбө болгонбуз. Бул кароо-конкурстун гран-присине Чалма айылындагы Абакиров атындагы орто мектебинин мугалими Курманбек Абакиров татып, ага облустун ошол кездеги губернатору Накен Касиев ак боз атты тартуулаган.

Теңизбайдын чоң уулу Булаш делет. Сары-Булак айыл өкмөтүндө Кызыл-Булак жана Сары-Булак айылдарында Булаш уруулары жашайт. Кызыл-Булактык Булаштар Досматтан тарашат. Досматтан Ырысбай, андан Жаныке. Жаныке үч уулдуу болот: Чарык, Байбарак жана Асан. Байбарактан Абдирай, Ыса жана Шайды деген уулдары калган, ал эми Ысадан Токтосун, Үсөнбек, Эшимбек, Бердибек. Эшимбектен Кийикбай, Бекташ деген эки уул, Айсара, Назбү, Кади, Улубү деген төрт кыз төрөлөт. Бердибектен Чаргын, Чаргындан Калдыбай, Раимжан, Каримжан. Кийикбайдан Тойгонбай, Мойдун, Батай, Камал, Можу, Үзүр, Козубай, Мами, Мамажан, Жетимиш, Сексенбай деген уулдары жана Сада, Арзикан, Асилкан, Токтокан деген кыздары калган. Бекташтан Абдыкадыр деген уул төрөлөт. Бекташ өлгөндөн кийин, анын аялы Шуру энеге Кийикбай үйлөнүп, Токо деген уулдуу болушат. Ал, айтымга караганда, олбурлуу, балбан жигит болгон экен, согушка кеткен боюнча кайткан эмес. Сиздердин кулагыңыздарга күмүш сырга, билип алсаңыздар болот. Абдыкадырдан сегиз бала төрөлгөн, алар: Кочкорбай; Абдибаит; Апал, Үпөл деген эгиз кыздар; Күмүш; Анаркан; Бокен (Калдыбай), Рыспай. Абдибаит деген чүрпөсү тестиер жашында Абдыкадыр согушка кете элек кезинде эле чарчап калган, ал эми Апал, Үпөл деген эгиз кыздары согуштун кызуу учурунда ааламдан өтүшкөн экен. Бокен (Калдыбай) агай бизди музыка сабагынан окутуп калды, сиздер жазгандай 1935-жылкы эмес, 1939-жылы төрөлүп, менин апам Какан Орозалиева, Калпиков Төлөгөн, Эркебаев Маматемин, Атабеков Калмамаматтар классташ болушкан. Ал эми Рыспай алардын эң кичүүсү болуп, 1941-жылы 12-январда ушул Кызыл-Булак айылында жарык дүйнөгө келген. Роман-эссенин журналдык вариантын окуп алып, туугандары ызы-чуу салган учурда, анын кантип төрөлгөнүн 2022-жылы жазында Булаштык Бопуш аксакалдын байбичеси Күнөтай энебиз да анын Анаркан эжеси менен дос болгонун, ал төрөлгөндө апасын ээрчип барып, ымыркайды көрүп келишкендиктерин тастыктап кеткен, бирок бейиши болгур, ал энебиз 2022-жылдын күзүндө 90 жашында ааламдан көзү өтүп кетти. Дагы бир факт, анын качан, кантип төрөлгөндүгү жөнүндө Кочкорбай агасы да, үйүндө турган чемоданынын бетине "Рыспай 1941-жылы 12-январда муз үстүндө төрөлдү" деп жазып калтыргандыгын, ал чемодан 1980-жылдарга чейин сакталып тургандыгын, коңшулары айтып жүрүшөт. Эң эле өкүнүчтүүсү, кеп төркүнү бул нерсени билип, далилдеп бере турган адамдардын уламдан улам азайып бара жатышы, же такыр эле калбай бара жатышканында болуп жатпайбы. Бирок, орус туугандар, "факт – упрямая вещь" деп айтып коюшат эмеспи, анын сыңары, бул нерсенин айныгыс далилдери эл ичинде турбайбы, бүткүл атпай журт билген туугандары да жөн жатышпас, мезгили келгенде муну да далилдеп беришер. Дегеле тарыхты бурмалагандар оңуп кетишкен эмес, мезгил деген улуу соттун алдында, ар ким өз абийиринин алдында жооп берер мезгил да келет. Андан эч ким кутулган эмес. Эч ким...

**(уландысы кийинки санда)**

**Калил Орозалиев.**

# ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ ...

**(башталышы мурункү сандарда)**

Анан жанымда отурган Абдимитал адатынча мени нукулап буларды өз алдынча кой. Көптөн бери жолукпай Ысмайыл да буулугуп калган турбайбы. Экөө бири-биринин сөзүн ошондон коштой албай жатат. Андан көрө экөөбүз жөн эле тартып жибербейлиби деп сунуш киргизип калат. Алар кажандашып сөз учугуна чыкканча бизге кошулган Калдыбай үчөөбүз алдыбыздагы чөйчөктөрдү тартып жиберебиз. Муну байкап калган Ысмайыл да ден соолукта бололу деп биз менен сөзүнүн аягына чыкпай тартып жиберет. Ошол саамда Оморбек баарын көрүп билип турса да аңкоосуган адатын калтырбай ой, дуракТар! Силер тартып жибердиңерби деп чөйчөктү көтөрө мен стоя ичемин деп турган тулкусунда кере тартып жиберет да чөйчөктү столдун үстүнө тарс коёт. Жанында жанаша олтурган Калдыбай чөйчөктү секин кой, мен чочуп кеттим деп Оморбекке кайрылат. Ай, Тамашаев! Биз сизди да жакшы билебиз. Кимдин ким экендигин баардыгыңардан гаразда жакшы билген мына мен болом деп көкүрөгүн каккылай ичке кирген градустун таасиринде дагы өктөм сүйлөөгө өтөт. Анын мындай жоруктарына маашырлана убакыттын кандай өткөнүн да сезбей калабыз. Бир оокумда төрдө отурган Ысмайыл сыртка чыксак окшойт деген сунуш киргизет. Анын пикирин колдогон төртөөбүз сыртка көп маселе чечип кыйратып койгондой төрт көчөнүн чайкана жактагы ныптасына чыгып туруп калабыз.

Күн чак түш болуп калган тура. Эми бүгүнкү кездешүүбүз соңуна келди окшойт, же дагы дегенсип турасыңарбы деп Оморбек тер тарткан жүзүнө жарашкан чачын оң колу менен эки үч кайталап сылайт да башын силке чайканага киреличи деген сунушун биздин кубаттообузга коёт.

Мындай күндөр төрт көчөдө көп кайталанды. Ичке кирген кызытмадан улам аалам аңтарылып кетсе ашыгына чыкпоочудай болгон сезим кыялында, айлана тегереке көз чаптырган дарбадар пенде сыяктуу төртөөбүз, Ысмайылды кошкондо бешөөбүз айрымдарыбыз эки колубузду бөйрөгүбүзгө таяна жашоого магдыраган мааниде кыйлага туруп калабыз. Абдимитал адатынча чылымын күйгүзө өпкөсүнө тарткан тамекинин түтүнүн рахаттана асман карай үйлөйт. Жанында турган Оморбек да өзү тамекини көрсө кобор боло чылым тартканга аралашып жүргөн жаны кумарын козгойбу ары бери өткөндөрдөн бир штук чылым берчи деп сурап калат. Мен анын кылыгына кычышкандай, эй, көйрөң! Тамекини алып чекпейсиңби? Ар кимден сураганыңды койбойсуң деп калам. Иштеги кызытманын таасиринен ал мага оозумдан чыккан сөзгө жооп берүүгө далбастанат да сенин чылым тартпасыңды биз жакшы билебиз. Мен деле чылым тартууга тийип качкандарданмын. Мендейлерди эгер баамдап билген болсоң "көрсө кобор"-деп коёт. Мына ошондойлордун

бири мен болом дейт. Биз кыраан каткы күлкүгө батып калабыз. Оюбузда "Жалчыман акылын жыйганча, акылдуу кыр ашыптыр" деген таризди өзүбүзгө жамагыбыз да келбейт.

Күн чайыттай ачык. Асманда ала темгил булуттардын кыпыны да көрүнбөйт. Көчөдө анча мынча өткөн адамдардын кыймылы, жашоонун маңызына шайкеш келгендей тирүүлүктүн майнабынан жүз бергенсийт. Алыста Кара-Кулжа айлын тегерете курчаган тоолор негедир сүрдүү көрүнгөндөй сыр жашырат. Жашоо ушинтип улана берет окшобойбу деген кыял менин сезимимди чалмап өтөт. Оморбек колундагы чылымынын калдыгын маданияттуу болгусу келеби чайкананын алдына коюлган таштанды урнага астейдил келип таштайт. Анын ушундай адаты бар эле. Анан Абдимиталга кайрылат. Мактансаң жер өрттөнөт. Аскерде жүрдүм дейсин. Ошто окумуш болдуң. Ушу, тамекини кантип чеккенди эмне үчүн ата сакал оозуңа киргенче үйрөнгөн жоксун. Мына мага окшоп эле мобул жерге таштап койсоң айланадагылар баамдаса ой, бул кишинин маданияты бар турбайбы деп ойлойтко. Качанга чейин сени мен тарбиялап келем деп Абдимиталды кажып калат. Ал турган жеринен чукул ачууга бериле Оморбекке мен эмне кылсам өзүм билем. Сенин бул сөзүң баягы айтылып жүргөн кебиңдин бири го деп баалагансып, баалаган. Алардын кажышкан кебине аралашкан Калдыбай, Оморбек! Айып сенден кетти. Ар качандан, бир качан Миталды ушинтип капталдан алганыңды койбойсун. Азыр кечирим сурашың керек деп маселе жаратканcып менин оң капталымды нукуп калат. Анын берген белгисин заматта түшүнгөн мен Оморбекти күнөөлөгөндөй кечирим сурашың керек деп коштоп калам. Мунун сырын заматта түшүнгөндүн ышааратын кылгансып, эмне дегени турасың дегендей мага өктөм карап калат. Менин ишааратымды баамдаган Ысмайыл да сөзгө аралаша Оморду каруудан кармайт.

Анан Ысмайыл Оморбекти сөз менен желкелегенге өтөт. Ал да ала күү чалган жүрүшүндө төртөөбүздүн эмне деп турганыбызды түшүнүп түшүнмөксөнгө салат да, башын бир чулгуп ала чайканадан чай ичебиз мени менен баса бергиле деген ишаарат менен колун жаңгай чайканага кирип кетет. Биз да артынан кошо киребиз. Чайканада төр тарапта бош оорун болсо ошол жерге барып Оморбек жайгаша олтурат. Ээрчий кирген биз да жандай барып оорунтук ала жайгашып калабыз. Бизге окшогон чай иче тургандар чайканада дайыма мол болот. Уккан көргөндөрүнөн баян эткен кажы кужу сөздөрдөн божулдаган үндөр кадимки эле даракa конгон топ канаттуунун чырылдаган авазын элестетет. Чайканада райондун алыс жактарынан келгендер да көп болот. Алар шам шум эткенге тамак ашынын арзанына ынтала кыла келгендер.

Чайканада олтургандар бешенесине жалгыз чайнек эки пиаланы коюп алат да кыраатына келтире чай ичип олтура беришет. Бул союз бузулгандагы кой дээр кожо жок мезгилдин апаат учуру. Кайда бармак колхоз, совхоздор жоюлган. Курулдөгөн чарба иштери токтогон убак. Райондун борборунда деле жарытылуу иштер болбогондуктан үйдөн таң заардан чайкананы көздөй агылган эл учугу үзүлбөйт. Анан чайканада түрдүү кептер айтылат. Узун кулактардын баары ушул жерде олтуруп алышып ааламды бир айлана ой чабыттардын капшагыңдары сөздөрдү айтыша күн уялаганга чейин кобурашканы кобурашкан. Мезгилдин сабына жараша анда азыркыдай баласынан чоң атасына, чоң энесинен келин кызына чейин кулагына төшөгөн телефон кайдан. Элдин баары гезитке ишенип жалгыз маалымат каражаты катары эркин гезиттердин беттеринде басылган макалаларды окуп алып, тигини мындай деп жазыптыр, аны андай деп жазыптыр, эми ал саясаттан кетет, камалат, шору шорподой кайнайт дегендердин чайкана талаш ордосу болуп калган эле. Ошондон Оморбек саясаттын чайканадагы саясий баяндамачысы болуп жүрбөйбү. Анын " Үйдө нан жок болсо да, гезит алчуу мен болом деген" учкул сөзү ушундан улам эл арасына тарап жатпайбы. Мурда өкмөттүн иши менен жүргөндө анын мынчалык кадыр баркы өсө элек болчу. Коомдогу өзгөрүү тилине чечендикти, окумалдыкты алып келди окшойт. Ошондон колунан соңку мезгилдерде гезит түшпөй калган. Өзү да демелүү болуп, көп сырларды билгендей чайканадагы талаш тартыштарга жан дилинде аралаша кызуулanып алганын адатка айландырганы өзүнө төп келчүүдөй болчу.

Азыр да ошондой адаттары козголду окшойт, чайкананын төрүнө олтура Оо, Майраш! Бизге экиден төрт чайнек чай, сахар с хлебом алып келчи деп үнүн бийик чыгара айтып калат. Чайканада олтургандар дуу күлүп Оморбекти жалт карап калышат. Биз да аны кубаттагандай сүр көрсөтө чайдын келишин күтүп калабыз...

**(уландысы бар)**

**М. Жуманазаров.**

# Кыз жүрөгү - ыр түнөгү

**Абдикапарова Гүлбайра Мырзабековна 1992-жылы 26-январда Ош облусунун Өзгөн районундагы Кара-Таш айылында жарык дүйнөгө келген. Кара-Суу районунун "Бирдик" айылында чоңойгон. Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетин бүтүргөн. "Поэзия Ордосу", Ынтымак Ыр-Кербени, "Дил -Бермети," ж. б жыйнактарга ырлары басылып чыккан.**

### БӨБӨКТӨР

Ызы–чуунар...турсун чыгып күлкүңөр,
Күлкүңөрдөн "жарк" дей жаркып күн күлөр.
Кичинекей жүрөгүңөр күнөөсүз,
Канчалык бай, мээрим толо ким билер.

Ширинсиңер бириңерден–бириңер,
Тамып турган балдай таттуу тилиңер.
Ушунчалык жан дүйнөңөр тунугу,
Көзүңөрдүн нурларынан билинер.

Эч билинбейт өскөн сайын жашыңар,
Жүрөк сыздайт түшсө кабак кашыңар.
Багындырган бүт дүйнөңү бойтоюп,
Аман болсун бөбөктөрүм башыңар.

### КАЙДА?

Балалыгым жашынгансып кайдадыр,
Баргым келип же таба албайм айла бир.
Бапыраган, эбиреген балпайган,
Байбичелер, карыялар кайда азыр?

Садагалап эркелетип кагылып,
Сүйүп беттен элжиреген жалынып.
Жол -жолдордун отурушчу четинде,
Жарк эткендей нур жамалы чагылып.

Каттап айыл, калаа арасы айда бир,
Күлүк, жорго бакта турчу байлануу.
Көрбөй калдым көп жыл өттү негедир,
Карааны тоо аксакалдар кайда азыр?

Жоолук жапкан мүрүсүнөн апалар,
Желек жапкан желбегей чоң аталар.
Жоготтубу касиетин бул күндө?
Жашка берген салмактуу сөз баталар.

### МУГАЛИМ

Дүйнөсүндө дениз жаткан мугалим,
Арнап койгон бүт өмүрүн убагын.
Билим нурдун мүрөгүнө сугарган,
Тунуктукка адамдардын кулагын.

Киргилдендим деп кейиген мугалим,
Жүрөгүңдү жүрөк туюп угарым.
Оозандырган дили менен кочуштап,
Жан дүйнөгө аруулуктун булагын.

Ак жарыгын жаркыраткан ак жылдыз,
Ат салышса алдыңа ат салдыргыс.
Акылына акыл кошуп толтурган,
Агай эжей менен улут сан кыргыз.

Уктап жаткан сезимдерди мугалим,
Ойготом деп даап бере алат буга ким.
Соболдорго жооп экзамен тапшырма,
Сүрдөтпөстөн жыйынтыгын сурагын.

Акылдардын алдын алган убалын,
Аң сезимге азык болгон мугалим.

### КАРА-СУУМ

Жутсаң тойбой кан жүгүрткөн абасын,
Жомок, бассаң аралап бак арасын,
Жемиштерин татсаң кумар канасын,
Жердин коозу, дыйканы бай Кара-Суум!

Айландырган бейишке түз талаасын,
Арыктагы агып жаткан таза суун.
Салыштырбайм өзгө журттун калаасын,
Сыйлашууга төрү дайын Кара-Суум.



Унуттурган көкүрөктүн санаасын,
Ууз жыт ыры кандырып журт табасын,
Айландырган тегирмендин парасын,
Акындарың алп баатырдай Кара-Суум.

Жокко барга ынандырган канатын,
Жаштайынан жумшап кызын баласын,
Жер бейишин кайдан издеп табасың?
Жазсам мактап сапка батпайт Кара -Суум.

## Жарыялар

### Жараксыз деп табылсын.

Каримов Бакыт Султаналиевичке 1997-жылы ОшКУУнун колледжи тарабынан берилген АП № 10118 каттоо № 63 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Анаркулов Раймкул Арстанкуловичке 1979-жылы Н. Исанов атындагы кыргыз мамлекеттик курулуш жана архитектура университетин бүткөндүгү тууралуу берилген № СД 110032282 каттоо № 18168 болгон дипломунун 2 барак тиркемесинин жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2025-жылы Джадхав Урви Нарендрага Ош мамлекеттик университети тарабынан берилген серия: US № 250154339 каттоо № 51360154 болгон дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2021-жылы Павар Видиянанд Мадкавраого Ош мамлекеттик университети тарабынан берилген серия: УВ № 210031216 катто № 136 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1988-жылы Караева Токтокан Урматовнага Фрунзе педагогикалык орус тили жана адабияты институту тарабынан берилген серия № ПВ № 147558 каттоо № 8 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2014-жылы Бдербекова Жылдызым Бдербековнага Ош Мамлекеттик Университетинин медициналык колледжи тарабынан берилген № УС 1400874452 каттоо № 830 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Собрание акционеров

ОАО «Береке» проводит собрание 14 апреля 2026 года в 10-00 часов по адресу г. Ош ул. Г. Айтиева 11.

Повестка дня:

1. Отчет директора о финансово-хозяйственной деятельности за 2025 год.
2. Отчет ревизионной комиссии
3. Утверждение годового баланса, счет прибыли и убытки.
4. Выборы директора общества
5. Распределение прибыли
6. Утверждение годового бюджета на 2026 г.

***

«Береке» ААК 2026-жылдын 14-апрелинде саат 10-00дө Ош шаары, Г, Айтиев 11 дарегинде акционерлер чогулушун өткөрөт.

Күн тартиби.

1. Директордун 2025-жылдагы каржылык-чарбалык ишмердүүлүгү боюнча отчету
2. Текшерүү комиссиясынын отчету
3. Жылдык баланс, пайда жана чыгымдар эсебин бекитүү
4. Коомдун директорун шайлоо
5. Пайданы бөлүштүрүү
6. 2026-жылга жылдык бюджетти бекитүү

ххх

ОАО "БОЛОТ" проводить общее годовое собрание акционеров, которое состоится 9 апреля 2026 г. 10 часов утра. По адресу: г. Ош мкр. Туран, ул.. Ишматова 6-н.

Повестка дня:

1. Выборы счетной комиссии
2. Отчет о финансово-хозяйственной деятельности за 2025 год
3. Утверждение годовых отчетов бухгалтерского баланса счета прибылей и убытков
4. Отчет ревизионной комиссии
5. Порядок распределения прибыли и выплата дивидендов
6. Утверждение годового бюджета на 2026 год
7. Выборы ревизионной комиссии
8. Утверждение аудиторской компании
9 О списании основных средств
10. Рассмотрение вопроса по земельному участку ОАО "Болот". Выделение земельного участка 5 га.; и соток.

### Ижарага берилет

Кара-Кулжа райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан айыл чарба кооперативдеринин , үрөнчүлүк жана асыл тукум чарбалары үчүн Ылай-Талаа айыл аймагындагы Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин жалпы аянтынын 50 пайызын тоорук өткөрүү үчүн мамлекеттик фондунун төмөндөгү жерлери тоорук аркылуу ижарага берилет. (Ведомстволор аралык комиссиясы арызды кабыл алууну "Ош жаңырыгы" гезитине жарыя берилгенден баштап 10 күндүн аралыгында кабыл ала баштайт).

Бел- башат участкасы, № 165- контур, чөп ормо – 19 га

Сары-Ой участкасы, № 170 контур, чөп ормо – 29,5 га

Сары-Ой участкасы, № 169 контур, чөп ормо – 1,7 га

Сары-Ой участкасы, № 161 контур, чөп ормо – 10 га

Сары-Ой участкасы, № 174 контур, чөп ормо – 53,2 га

Ылай-Талаа айылы (Гараждын жаны) № 313 контур, чөп ормо – 3,2 га

Ылай-Талаа айылы (Гараждын жаны) № 312 контур, чөп ормо – 1,3 га

Ылай-Талаа айылы (Гараждын жаны) № 322 контур,чөп ормо – 1,2 га

Питомниктин жаны № 192 контур, чөп ормо – 2,6 га

Питомниктин жаны № 193 контур, чөп ормо – 4,3 га

Такыр-Көл участкасы, № 225 контур, кайрак айдоо – 17 га

Ылай- талаа айылы, № 233 контур, чөп ормо -6,3 га

Ылай- талаа айылы, № 228 контур, чөп ормо -5,4 га

Ылай- талаа айылы, № 246 контур, чөп ормо -2,1 га

Ылай- талаа айылы, № 262 контур, залеж -3,5 га

Ылай- талаа айылы, № 300 контур, чөп ормо- 2,5 га

Суу-Пор участкасы, № 339 контур, чөп ормо- 12 га

Жалгыз- булак участкасы, № 363 контур, чөп ормо- 18,7 га

Сары-Башыл участкасы, № 358 контур, чөп ормо – 16,7 га

Сары-Башыл участкасы, № 364 контур, чөп ормо – 21,2 га

Ак-Курбу участкасы, № 286 контур, чөп ормо – 7,38 га

Кошумча маалыматтарды алуу үчүн Кара-Кулжа райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын инженери Ш.Арзалиевге кайрылыңыздар. Байланыш телефону (0778) 130589.

Ош жаңырыгы
Ош облусунун коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
А. Матиева

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
**Катталуу күбөлүгү**
213623-3310-У-е
**Жазылуу индекси:**
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 299**
**Нускасы: 2200**

**Ноокат районунун Мирмахмудов айыл өкмөтүнүн башчысы Майрамбек Нурматов:**

# “ИННОВАЦИЯЛЫК АГРОТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КЕҢИРИ ЖАЙЫЛТЫЛУУДА”

**Ноокат районундагы А. Мирмахмудов айыл өкмөтүнүн тургундары көп улуттуу жана ынтымактуулукта, достукта жашап келе жатышат. Айыл өкмөтүнүн башчысы Майрамбек Абдыкарович Нурматов бир топ жылдан бери үзүрлүү эмгектенип келе жатат. 2025-жылды бардык көрсөткүчтөр боюнча ийгиликтүү аякташты. Мына ушул жетишкендиктер тууралуу айыл өкмөтүнүн жетекчиси Майрамбек Абдыкарович бизге айтып берди.**



## Айыл чарба тармагы жана экономика

-Ноокат районундагы А.Мирмахмудов атындагы айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу максатында 2025-жылдын 12 ай аралыгында бир топ алгылыктуу иштер аткарылды. Башкача айтканда,



2025-жылдын 12 айында айыл өкмөтүнүн экономика тармагы боюнча план тапшырмалар негизинен аткарууга алынып, жеткирилген жалпы тапшырма 40 млн. 459,300 сом болсо, иш жүзүндө 54 млн. 414,700 сомду түзүп, тапшырма ашыгы менен аткарылды. Ал эми салыктын түрлөрү боюнча 2025-жылдын 12 айында жергиликтүү бюджетке, анын ичинде кыймылсыз мүлк салыгына берилген план 552 800 сом болсо, аткарылганы 665 644 сом болуп өсүү ыргагы 120,41 пайыз болду. 2025-жылдын 12 айында турак жайларды камсыздандыруу боюнча план 1300 болсо, иш жүзүндө аткарылганы 1435 болуп, башкача айтканда, 105,28%га ашыгы менен аткарылды.

А.Мирмахмудов атындагы айыл өкмөтү тарабынан 2025-жылы дыйканчылык тармагында мезгилдин талабына жараша инновациялык агротехнологияларды кеңири жайылтуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Натыйжада, эффективдүү пайдалануу менен кайрак зонасында жайгашкан кайрак айдоо жерлерде тамчылатып сугаруу ыкмасы жайылтылды. Мөмө-жемиштерди жетиштирүү мүмкүнчүлүгү жогорулап, мурунку «Коргошун-Талаа» айыл чарба кооперативинен бөлүнүп чыккан дыйкан чарбалардын жеринде алгачкы отургузулган алма, шабдалы көчөттөрү түшүм бере баштады. Кара-Кокту, Арал, Чапаев айылдарында тез киреше бере турган, чет өлкөлөргө экспорттоого көздөлгөн жер-жемиш эгиндеринен кулпунай эгиле баштады. Интенсивдүү, тамчылатып сугаруу ыкмасы пайдаланылып жана жаңы жетиштирүү ыкмаларын дыйкандарга кеңири жайылтуу менен отургузулган плантациялардан мол түшүм алына баштады. Дыйкандар үчүн жаңы агротехнологиялар боюнча окуу семинарлары уюштурулду.

## Өнөр жай тармагы жана инвестиция

Өнөр жай тармагы боюнча 2025-жылга карата Барын айылында “ОсОО Ноокат Мармара СТОУН” тарабынан логистикалык борбордун курулуш иштери башталган. 2025-жылда 15 млн $ сарпталды. 2026-жылы толук кандуу пайдаланууга берилүүсү күтүлүүдө. Чапаев айылында жеке ишкер тарабынан 1 000 000 сомдук гипс цемент чыгаруучу ишкана ишке түшүп, 7 адам жумуш менен камсыз болду.

2025-жылга карата инвестициянын көлөмүн планда 80 млн. сомго жеткирүү каралса, жыл аягында 113 115 058 сом жана 15 250 0005 $ га жетип, пландан ашыгы менен аткарылды. Кара-Кокту айылында жалпы сметалык баасы 92 460 048 сомду түзгөн "Грантстройпроект" ЖЧКсы тарабынан заманбап мектептин курулуш иштери аяктап, пайдаланууга берилди. Элдин эсебинен 430 000 сом, жергиликтүү бюджет тарабынан 303 000 сом сарпталды. Кара-Кокту айылына таза суу киргизүү үчүн айыл өкмөт тарабынан 1 766 490 сом, жергиликтүү тургундар тарабынан 2 200 000 сом сарпталып, азыркы күндө толук кандуу ишке түштү. Чапаев айылындагы Жумабай Палван көчөсүнө заманбап көпүрө курулду. Жалпы сметалык баасы 465 000 сомду түзүп, жергиликтүү тургундар тарабынан каржыланды. Чапаев айылында жеке ишкер тарабынан 11 млн. 100 миң сомдук "Мончо" курулу, 16 адам иш менен камсыз болду.Чапаев айылындагы “Айва Мол” көп тармактуу соода борбору 2027-жылга бүтүп, ишке түшүүсү күтүлүүдө. 2025-жылда 250 миң $ сарпталды.

## Инфратүзүм жана жашылдандыруу

Чапаев айылындагы Төлөнөв көчөсүнө асфальт төшөө үчүн - 4 963 951 сом жергиликтүү бюджеттен, Киров айылынын Г.Гулям жана Кыргызстандын 60 жылдыгы атындагы ички көчөлөрүн асфальттоодо даяр асфальт сатып алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 3 342 250 сом, жалпы асфальт төшөө иштерине 8 306 201 сом сарпталды. А.Кодирий орто мектебинин ашканасына жергиликтүү бюджеттен 100 000 сом, жергиликтүү жамааттан 400 000 сом акча каражаты сарпталып, азыркы күндө иштеп жатат. А.Мирмахмудов атындагы толук эмес орто мектебинин ашканасына жергиликтүү бюджеттен 227 000 сом, ал эми жамааттан 380 000 сом сарпталды. Айыл өкмөтүнүн кире беришине тосмо (шлагбаум) орнотуу үчүн 220 000 сом жергиликтүү бюджеттен каржыланды.

Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштери боюнча 30 даана ийне жалбырактуу, 100 даана ак кайың көчөттөрү тигилди. Жергиликтүү бюджеттен 44 000 сом ажыратылган. МЧС тарабынан келтирилген 700 даана декоративдүү дарактар Араван-Сай дарыясынын жана Арал айылындагы дарыянын жээктерине отургузулду.

## Билим берүү

2025- окуу жылында 8 окуучу Жалпы республикалык тестирлөөдөн жогорку балл алышып, жогорку окуу жайдын студенттери болушту. Олимпиаданын жеңүүчүлөрүнө айыл өкмөт тарабынан материалдык жактан жардам көрсөтүлдү.

А.Мирмахмудов атындагы орто мектебинин, Таш-Коргон орто мектебинин, “Бактылуу балалык” бала бакчасынын от казаны ондоп-түзөөдөн өткөрүлүп, жергиликтүү бюджеттен жалпы 1 658 742 сом жумшалды. Чапаев айылында 375 орундуу заманбап Беш-Тал орто мектебинин курулуш иштери жүрүп жатат. Жалпы сметалык баасы 237 млн. 934 481 сомду түзөт.



## Социалдык тармак

Айыл өкмөттүн жергиликтүү бюджетинен калктын аярлуу катмарына материалдык жардамдар берилди. Азык-түлүк программасынын негизинде Дүйнөлүк банктан 179 жаранга 2 325 510 сомдук жардам берилди.1-июнь- Эл аралык балдарды коргоо майрамына карата айыл өкмөтү тарабынан 60 000 сом акча каражаты ажыратылып, түрдүү категориядагы 80 балага иш-чара өткөрүлүп белектер берилди.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2022-жылдын 29-июлундагы №110-буйругуна ылайык, «Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө» токтомун ишке ашыруу максатында 2025-жылы 84 үй-бүлө мал чарбачылык, тигүүчүлүк жана башка бизнес пландарын ишке ашыруу үчүн 150 000 миң сомдон акча каражаты берилип, кичи бизнестерин өнүктүрүшүүдө.

1-октябрь- Эл аралык улгайгандардын күнүнө карата 70 жаштан жогорку 30 карыяга 30 000 сомдук материалдык жардамдар корсотулду. Ошондой эле 1-декабрь — Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата 2025-жылдын 1-ноябрынан 1-декабрына чейин бир айлык акция боюнча ВИЧ-инфекциясына каршы күрөшүү жана алдын алуу максатында Айыл өкмөтүнүн аймагындагы В-20 илдети менен жабыркаган 21 жарандын ар бирине жергиликтүү бюджеттин эсебинен 10 000 сомдон, жалпысынан 210 000 сом акчалай жардам берилди. Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 23-апрелиндеги «Калкты кургак учуктан коргоо жөнүндө» мыйзамынын 15-беренесине ылайык, А.Мирмахмудов атындагы айыл өкмөтү боюнча кургак учук оорусу менен ооругандарга 30 000 сом акчалай жардам көрсөтүлдү. 3-декабрь - Майыптардын эл аралык күнүнө» карата жергиликтүү бюджеттин эсебинен 50 000 сом бөлүнүп, майыптарга белектер жана акчалай жардамдар берилди. Мындан сырткары, А.Мирмахмудов айыл аймагында жашаган 20 Ооган согушунун ардагерлерине 65 000 сом материалдык жардам көрсөтүлдү. 8-март -Эл аралык аялдар күнүнө жана 19-май- Энелер күнүнө карата айыл өкмөтү тарабынан 93 000 сом акча каражаты ажыратылып, көп балалуу энелерге, жалгыз бой энелерге, аз камсыз болгон аялдарга майрамдык кече уюштурулуп, белектерди тартууланды.

## Мал чарбасы

Мал чарбасын өнүктүрүү максатында идентификация маселеси колго алынууда. 2025-жылга 458 баш кара малга кулак биркасы тагылып, ЖИКСга катталды. Системадагы жалпы малдын саны 6102 башты түзүп, аткаруу 105%ды түзгөн. Жылкы боюнча 1280 баш статистикалык маалымат болсо 48 баш жылкыга чип басылып, ЖИКС системасына катталган. 2025-жылга малдардын жугуштуу ыландары катталган жок, аймакта эпизоотиялык абал туруктуу. 2026-жылга эпизоотияга каршы аткарылуучу иш-чаралардын пландары бекитилди.

**Бурма Ысакова.**